**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН ТОКТОМУНАН**

**КӨЧҮРМӨ**

Бишкек ш. 2020-жылдын 24-декабрындагы № 44/3

«Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу»

Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 05-октябрындагы № 5/1 «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомунда:

1-пунктунун 1.1-пунктчасындагы:

- 23-бөлүк. «Аукциондун жыйынтыгы боюнча МКВларды жайгаштыруу» күчүн жоготкон катары таанылсын;
- 25-бөлүк. «Аукциондун жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу» күчүн жоготкон катары таанылсын;
- 25-пункт «23-бөлүк. Аукциондун жыйынтыгы боюнча МКВларды жайгаштыруу» күчүн жоготкон катары таанылсын;
- 27-пункт «25-бөлүк. Аукциондун жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу» күчүн жоготкон катары таанылсын.

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы:

- токтомдон алынган көчүрмөнү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;
- токтомдон алынган көчүрмө менен коммерциялык банктарды тааныштырсын.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы Ж.Аралова

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иштөө бөлүмү
Отдел развития государственного языка и документооборота
ИНН 01212199210017